"Бекитемин"
ОшМУнун Окуу-методикалык -
кеңешинин төрагасы З.Божонов
_____
"02" 2023-ж

Билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн натыйжаларына жетишүүгокарата мониторинг жөнүндө

ЖОБО

I.Максаттар жана колдонуу чөйрөсү

1.1.Билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн натыйжаларына жетишүүгө карата мониторинг жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) ОшМУда жүзөгө ашырылуучу кесиптик билим берүү (бакалавриат, магистратура, специалитет, орто кесиптик билим берүү) программалары боюнча билимдин сапатына ички баалоону, мониторингди уюштурууга жана өткөрүүгө карата талаптарды аныктайт.

1.2. Жобонун талаптары ОшМУнун билим берүү ишмердигинде бирдиктүү жана милдеттүү болуп эсептелет.

1.3. Бул Жобо ОшМУнун Окуу-методикалык кеңешинин сунуштамасыменен Окумуштуулар Кенеши тарабынан бекитилет, өзгөртүлөт жана толукталат.

II.Негизги терминдер, түшүнүктөр жана кыскартуулар

Мониторинг—процесске туруктуу байкоо жүргүзүү, баалоо, анын натыйжасын, абалынын өзгөрүлүшүн божомолдоо. Билим берүү мониторинги—билим берүү системасын башкаруу, абалын баалоо, өнүгүү багытын билүү үчүн зарыл болгон тутум же анын айрым бөлүктөрү тууралуу маалыматтарды чогултуу, иштетүү, сактоо жана жайылтуу жолу.

Көзөмөл— объекттин бир же бир нече мүнөздөмөлөрүн өлчөөнү, экспертизациялоону, сыноону же баалоону жана алынган тыянактардын күтүлүүчү натыйжаларга шайкештигин аныктоону жүргүзүү.

Текшерүү—ишмердиктин анык бир участогунда абалды иликтөө үчүн көзөмөлдүк аракет.

Баалоо—окуучулардын окуу жана таануу ишине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүү сапатын жакшыртуу максаты менен окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндап жазуу, жыйноо, каттоо жана интерпретациялоо процесси.

Билим берүү программасы—даярдоонун тийиштүү багыты боюнча максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү жараянын ишке ашырууну регламенттөөчү окуу—усулдук документ.

Окутуунун натыйжалары—бул окуп—үйрөнүүчү билим алуу мөөнөтү аяктагандан кийин эмнени билиши, түшүнүшү жана/же демонстрациялап (жасап) бере алуу абалында болушу кандайча күтүлө тургандыгынын формулировкасы.

Компетенция—дүйнө таанымдын, ББКлардын динамикалык комбинациясы.

Баалоо каражаттарынын фонду—окуп—үйрөнүүнүн түрдүү стадияларында студенттерде компетенциялардын калыптангандыгын баалоо үчүн, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлин даярдоонун багыты (адистик) боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайыктуулугун аныктоочу аттестациялык сыноолор үчүн түзүлгөн методикалык жана контролдоочу, өлчөөчү материалдардын комплекти.

Билим берүүнүн сапаты—билим берүүнүн натыйжаларына ар түрдүү билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата—энелердин, иш берүүчүлөрдүн, коомдун) күтүүлөрүнө же алар тарабынан коюлган билим берүү максаттарына жана милдеттерине ылайык келүү баскычы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүү стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына ылайыктуулугун көрсөтөт.

Окуу–методикалык комплекс – КББнын МББСте каралган милдеттерин талаптагыдай жүзөгө ашыруу үчүн системанын уюштуруучулук жана мазмундук бүтүндүгүн, окутуунун методдорун жана каражаттарын камсыздоого кызмат кылуучу ЖОЖдо ар бир дисциплина үчүн иштелип чыккан окуу –методикалык материалдардын топтому.

Баалоо критерийлери – баалоого негиз болуучу белги.

Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү–студенттин жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишкендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

Идентификатор – обьектти башкалардан айырмалоого мүмкүндүк берген анын уникалдуу белгиси.

Окуу-модулу– окутуунун мазмуну жана аны өздөштүрүү технологиялары жогорку деңгээлдеги жыйнактуулукка бириктирилген максаттуу функционалдуу бөлүк.

2.2 Кыскартуулар:

ББжИМ – Билим берүү жана илим министрлиги
ЖКББ – Жогорку кесиптик билим берүү
ОшМУ – Ош мамлекеттик университет
ОКББ – орто кесиптик билим берүү
КББ –кесиптик билим берүү
БКФ – баалоо каражаттарынын фонду
ББСБ – билим берүүнүн сапаты бөлүмү
МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты
ЖОЖ – жогорку окуу жай
ОН– окутуу натыйжалары
ОМК – окуу методикалык комплекс

КББП – кесиптик билим берүү программалары
НББП –негизги билим берүү программалары

III.Жалпы жоболор

3.1.Ушул Жобо төмөнкү нормативдик документтердин негизинде жанааларга ылайык иштелип чыккан:

- КРдин «Билим берүү жөнүндө мыйзамы (30.04.2003, №92 редакциясы ,16.01.2015, №15) ;
- 2021– 2040–жж. КРдиөнүктүрүүнүн улуттукстратегиясы.
- 2018–2040–жж. КРде ББны өнүктүрүү программасы.
- КРдин ББжИМдин жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары. -Б.,2021
- КРдин ББжИМдин орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары. _Б.,2019

3.2.Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын кесиптик билим берүү программаларынөздөштүрүүнүн жыйынтыктары боюнча окутуунун натыйжаларынын, компетенциялардын калыптануу деңгээлине мониторинг ОшМУда жүргүзүлүүчү мониторинг процессинин уюштурулушуна карата бирдиктүү мамилени кийирүүчүн иштелип чыккан.

3.3.МББСтин КББПлардын жүзөгө ашырылышын эффективдүү уюштурууга, колдоого жана коррекциялоого мүмкүндүк берген шарттарды жаратуу максатында ББПлардын мазмуну жана аларды жүзөгө ашыруу формасы көз карашындаЖобо адистин компетенцияларынын калыптангандык деңгээлине мониторингди жөнгө салат.

3.4.Мониторингдин мазмуну адистик боюнча кесиптик иш аракеттерди өздөштүрүү даражасын чагылтуу менен жогорку жана орто КББ программалары боюнча МББСтин талаптарына туура келүүгө тийиш.

3.5. ЖКББ, ОКББ программаларынын НББПсын өздөштүрүүнүн жүрүшүндө мониторингдин субъекти болуп окуп-үйрөнүүчүлөр, студенттер, магистранттар эсептелет.

3.6. Мониторингдин объекти болуп НББПлар боюнча адистин жалпы жана кесиптик компетенциялары, окутуунун натыйжалары эсептелет.

3.7. Компетенциялардын, окутуунун натыйжаларынын калыптангандык деңгээли сапаттын көрсөткүчү болуп эсептелет.

IV. Мониторинг

4.1.Мониторингдин максаты - окуп үйрөнүүчүлөрдө, студенттерде ЖКББнын, ОКББнын ББПларын өздөштүрүүнүн жүрүшүндө ОНдордун, компетенциялардын калыптануу деңгээлинин абалы жана өзгөрүүсү жөнүндө комплекстүү көрүнүштүү жаратуу үчүн маалыматтык шарттарды түзүү.

4.2. Мониторингдин милдеттери:

- адистин компетенцияларынын калыптануу деңгээлинин параметрлерин аныктоо жана негиздөө;
- баалоо каражаттарынын топтомун (фондун) түзүү;
- мониторинг процессин эффективдүү уюштурууга жана колдоого өбөлгө түзгөн шарттарды жаратуу, мониторинг процедураларынын уланмалуулугун камсыздоо;
- мониторингдин методдорун иштеп чыгуу жана инструменттерин системалаштыруу;
- КББПлар боюнча адистин компетенцияларын калыптандыруудагы динамиканы жана негизги тенденцияларды өз убагында аныктоо;
- мониторинг процессин информатизациялоо.

V. Мониторингдин функциялары

5.1. Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын ишмердигине өздүк анализ үчүн шарттарды жаратуучу компетенциялардын калыптангандык деңгээлин караштырган *мониторингдик функциясы.*

5.2. Компетенциялардын калыптангандык деңгээлинин негизги тенденцияларын аныктоодо жана перспективага карата прогнозду иштеп чыгууда турган мониторингдин *прогностикалык функциясы.*

5.3.Мониторингдин *координациялык* жана *корррекциялык функциялары* проблемаларды аныктоодо жана чечүүдө турат.

5.4.Мониторингдин *мотивациялык функциясы* билим берүү процессинин катышуучуларын өздүк өркүндөтүлүшкө импульс берүүгө багытталган.

VI. Мониторингдин принциптери

6.1. *Социалдык ченемдик шартталгандык* принциби. Мониторингден алынган маалыматтар кесиптик билим берүүнүн МББСтин, жумуш берүүчүлөрдүн талаптарынын деңгээлин жана сапатын чагылтат.

6.2. *Илимийлүүлүк* принциби. Мониторингдин маалыматтарын алуудагы колдонулган формалардын, методдордун жана каражаттардын илимий негизделгендиги.

6.3. *Үзгүлтүксүздүк, комплекстүүлүк, уланмалуулук* принциптеринин негизинде мониторингдин технологиялары иштелип чыгат.

6.4. *Коммуникативдүүлүк* принциби. Мониторингде алынган маалыматтар билим берүү процессинин субъекттери арасында өз ара мамиле үчүн шарт болуп эсептелет.

6.5. *Маалыматтык интеграция* принциби. Мониторингдин бардык катышуучулары анын маалыматтарын алууга бирдей укуктуу.

VII. Мониторингди методикалык коштоо

7.1. Окутуунун натыйжаларынын калыптануу деңгээлине мониторингди методикалык коштоо. Компетенттүүлүк мамиледе адистерди даярдоо процессинин баалоо процедураларын эффективдүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон административдик пландоо, окуу методикалык документтердин комплекси менен жүргүзүлөт.

7.2. Кесиптик билим берүүнүн МБССтин ББПлары боюнча адистин даярдыгынын сапатын баалоочу материалдардын топтомун түзгөн методикалык комплекс окутуунун натыйжалары, компетенциялар боюнча иштелип чыгат, аны атайын бекитилген жумушчу топ ишке ашырат. Методикалык комплекс структуралардын метод кеңешинде талкууланып бекитилет.

7.3. Методикалык комплекстин компоненттери төмөнкүлөр:

- ББПнын окутуунун натыйжалары, компетенциялары боюнча иштелип чыккан тапшырмалар;
- контролдоочу, өлчөөчү материалдар;
- мониторингдин графиги.

VIII. Монторингди уюштуруу

8.1. НББП боюнча окутуунун натыйжаларынын, адистин компетенцияларынын калыптануу деңгээлине мониторингди жүргүзүү жана анын процедураларынын мезгилдүүлүгү белгиленген графикке ылайык аныкталат. Графикте диагноздоочу, аралык контролдоо, жыйынтык аттестация эсепке алынат.

8.2. Мониторингдин жыйынтыктарын интерпретациялоо фиксирленген абалды пландаштырылган көрсөткүчтөр менен салыштыруу аркылуу НББПнын максаттарына жетүүнүн даражасы терминдеринде жүргүзүлөт.

IX. НББПны жүзөгө ашырылуу сапатын баалоо

9.1. Кесиптик билим берүүнүн НББПларын жүзөгө ашыруунун сапатын баалоо милдеттүү болуп эсептелет.

9.2. НББПны жүзөгө ашыруунун сапатын баалоонун түрлөрү жана мезгилдүүлүгү:

- өзүн-өзү текшерүү (бүтүрүүчү кафедра/ кафедралар тарабынан жыл сайын акыркы семестр башталгандан кийин 1–1,5 ай ичинде өткөрүлөт);
- ички текшерүү (окуу- методикалык кеңеш жыл сайын бекитилген план боюнча өткөрөт. Айрым учурларда плансыз текшерүү да болот. Ички текшерүүнүн жыйынтыктары өзүн-өзү текшерүү отчетуна кийирилет жана коррекциялык иш чараларды жүргүзүү үчүн бүтүрүүчү структуралык бөлүмдөргө / кафедраларга берилет);
- Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапаты жөнүндө жумуш берүүчүлөрдү сурамжылоо (сурамжылоо жыл сайын НББПнын жумушчу тобу тарабынан жүргүзүлөт, жыйынтыктары өздүк текшерүү отчетуна кийирилет);
- бүтүрүүчүлөрдү сурамжылоо (сурамжылоо жыл сайын НББПнын атайын жумушчу тобу, карьера борбору тарабынан жүргүзүлөт, жыйынтыктары өзүн-өзү текшерүү отчетуна кийирилет);
- студенттерди ББПларды сапаты жөнүндө сурамжылоо (сурамжылоо жыл сайын ББСБ жана структуралардын метод кеңештери тарабынан жүргүзүлөт). Сурамжылоо төмөнкү аспекттерди камтыйт:
- окутууну сапатына канааттангандык;
- СӨАИнин уюштуруулу сапатына канааттангандык;
- практикалардын уюштурулушуна канааттангандык;
- НББПнын методикалык камсыздалышы менен канааттангандык.Сурамжылоонун жыйынтыктары өзүн-өзү текшерүү боюнча отчеттоо кийирилет.

9.3. НББПнын жүзөгө ашырылышын баалоонун жыйынтыктары боюнча отчет ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилет.

9.4. НББПны жүзөгө ашыруунун сапаты жөнүндө өзүн-өзүн текшерүүнүн отчету боюнча Окумуштуулар Кеңеши «жакшы», «канааттандырарлык» жана канааттандырарлык эмес» деген баа менен чечим чыгарат.

9.5. НББПны жүзөгө ашыруу сапатына «канааттандырарлык» баасы берилген учурда НББПга ондоп-түзөтүүлөр кийирүү чечими кабыл алынат. Ал эми «канааттандырарлык эмес» баасы коюлган учурда, кийинки окуу жылга ББПга абитуриенттерди алууну токтотуу же НББПны толук жабуу чечими кабыл алынышы мүмкүн.

X. Адистин компетенцияларынын окутуунун натыйжаларынын калыптануу деңгээлине баалоо системасы

10.1. Компетенциялардын калыптануу деңгээлин баалоо өлчөгүч идентификаторлор аркылуу жүргүзүлөт, алар окутуунун натыйжалары же кесиптик маселелердин терминдеринде туюнтулат.

10.2. Адистердин компетенцияларынын калыптангандык деңгээлинин идентификаторлору НББПнын жумушчу тобунун жетекчилигинде, жумуш берүүчүлөрдүн катышуусу менен бүтүрүүчү кафедра/кафедралар КББнын МББСтеринин талаптарына ылайык иштеп чыгат.

10.3. НББПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттердин билимин күндөлүк, аралык текшерүүнү жана жыйынтыктоочу аттестациялоону ичине алат.

10.4 Студенттердин персоналдык жетишкендиктеринин тиешелүү НББПнын этаптуу талаптарына ылайыктуулугунуна карата аларды аттестациялоо үчүн ББКларды жана өздөштүрүлгөн ОНдорду, компетенцияларды баалоого мүмкүндүк берген баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) түзүлөт. Аралык аттестациялар үчүн БКФти тиешелүү кафедралар/циклдар өз алдынча иштеп чыгышат жана бекитишет, ал эми жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация үчүн БКФты иштеп чыгат жана НББПнын жумушчу тобу алдын ала жумуш берүүчүлөр макулдашкандан кийин бекитилет.

10.5. Аралык аттестацияларда дисциплиналардын ОНдорунун жана белгиленген компетенциялардын калыптанышы текшерилет. Жыйынтыктоочу (мамлекеттик) аттестацияда НББПнын ОНдорунун өздөштүрүлүшү текшерилет.

XI. Мониторингдин натыйжаларын корутундулоо

11.1. Мониторингди уюштуруу окутуучунун, КББПнын, бүтүндөй окуу жайдын деңгээлинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

11.2.Ар бир деңгээлде мониторингдин жыйынтыктары боюнча маалыматтар чогултулат, тузумдөштүрүлөт, анализденет жана деңгээлдер боюнча сакталат.

11.3. Мониторингдин негизги багыты билим берүү процессинде студенттин личносттунун өнүгүү динамикасын күзөтүп баруу учун зарыл болгон маалыматтарды алуу максатында системалуу жана узак мөөнөттүү изилдөө, көзөмөлдөө, текшерүү болуп эсептелет.

XII. Иштеп чыккандар жана Жобонун сакталышы

12.1.Бул Жобо билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы М.Алтыбаеванын жетекчилигинде иштелип чыкты, ОшМУнун Окуу–методикалык кеңешинде талкууланып, Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган.

12.2. Бул Жобонун түп нускасы ББСБда сакталат, копиясы ОшМУнун официалдуу сайтына жайгаштырылат.